| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЖЕРГЕТАЛ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГЕТАЛ**<br>**АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**<br>**АЙМАКА ЖЕРГЕТАЛЬСКИЙ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 20-июнь №14** **Кызылтуу айылы**

***"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору аркылуу түшкөн акча каражаты жөнүндө***

Жергетал айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Б. Сакеевдин "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун негизинде бериле турган 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты жөнүндөгү маалыматын угуп жана талкуулап, Депутаттардын Жергетал айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Жергиликтүү бюджеттин башкаруу тармагынын атайын счетуна пландан тышкары "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору аркылуу түшүүчү 50000 (элүү миң) сом акча каражаты киреше бөлүгүнүн планына отургузулсун.

2.Кызылтуу айылындагы № 14 китепкананын техникалык базасын чыңдоо үчүн 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3..Жергетал айыл өкмөтүнүн каржы экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Достук кызы Анарага бөлүнгөн акча каражаттарды өз убагында которуп берүү жагы милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иштер жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Ж.Т.Молдояров**